**Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинин 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин отчету**

2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 28-февралындагы №06-1/142 буйругуна ылайык аудитору Б.А. Рыскулиев тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинин бюджетинин аткарылышына шайкештик аудит жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптар**

Аудиттин жооптуу тарабы болуп Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги саналат, ал эми аудит субъектиси Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилиги саналат.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдети**

Жүргүзгөн аудиттин негизинде, мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкештиги боюнча өз алдынча жыйынтыкка келүү.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29–мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизден этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштырып, жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудиттин предмети**

Жогоруда көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде аудиттин көлөмүнө кирген маселелер төмөнкүлөрдү камтыды:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын

аткаруу;

- аудит объектисинин кыскача мүнөздөмөсү:
- бюджеттик жана атайын эсептин каражаттары боюнча чыгымдардын сметасын түзүүнүн жана аткаруунун шайкештигине аудит:
- ижара мамилелеринин аудити;
- банктык операциялардын ылайык келишинин аудити;
- Маянаны эсептөөнүн жана Маяна фондунун ылайык келүүсүнүн аудити;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга аудит;
- ижара мамилелеринин аудити;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити;
- иш сапардык чыгымдардын аудити;
- автоунааны кармоого кеткен чыгымдардын, коммуналдык чыгымдарга лимиттердин сакталышына аудит.

**Аудиттин критерийлери**

Бул аудиттин предметин төмөнкү критерийлер менен баалайбыз:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 14-ноябрындагы №543 “Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын бирдиктүү тышкы саясатын жүргүзүүдөгү анын координациялоочу ролун күчөтүү жөнүндө” Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 4-июлундагы №96 “Мамлекеттик органдардын Кыргыз Республикасынын тышкы саясат чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүсү жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №140 “Дипломатиялык кызматы жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-декабрындагы №750 (КПҮ) токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдардагы өкүлчүлүктөрүнүн дипломатиялык кызматкерлери менен административдик-техникалык персоналынын кызматкерлеринин иштөө тартиби жана шарттары жөнүндө” Нускамасы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругу (2023-жылдын 11-июлундагы № 2Б буйругуна ылайык күчүн жоготкон).

## Аткарылган иштин кыскача мүнөздөлүшү

Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинин ишине тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ошондой эле ички ченемдик документтер аудит тарабынан каралды.

Аудит жыйынтыгын тастыктоочу жетиштүү жана ылайыктуу далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Аудит, чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто жазылган корутунду жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана тиешелүү болуп саналат деп эсептейт.

## Аудит менен камтылган мезгилинде насыя тескөөчүлөр

Биринчи кол коюу укугу менен:

14.10.2021-жылдан 01.04.2022-жылга чейин Сабырова Лира Курбаналиевна (Элчиликтин Кеңешчиси), 02.04.2022-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси Джусупов Улан Калыгулович.

Экинчи кол коюуу укугу менен:

01.08.2020-жылдан 31.12.2022-жылга чейин ишти айкалыштыруу менен Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинин башкы адиси Байбагышова Салтанат Мураткановна (ишти айкалыштыруу Кыргыз Республикасынын Австрия Республикасынын элчилигинен жүргүзүлгөн).

01.01.2023-жылдан бүгүнкү күнгө чейин ишти айкалыштыруу менен Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинин башкы адиси Укуева Тынара Айылчиевна (ишти айкалыштыруу Кыргыз Республикасынын Италия Республикасынын элчилигинен жүргүзүлгөн).

Аудитке берилген документтер аркылуу Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси У.Джусуповдун кабарлануусу менен жана Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинин башкы адиси Т.Укуеванын жана жабдуу боюнча жетекчи айдоочу А.Чакиев катышуусунда жүргүзүлдү.

Документ жүгүртүү көлөмүнүн көптүгүнө байланыштуу, берилген документтерге тандалма аудит жүргүзүлдү, ушуга байланыштуу бул аудитте аныкталбай калган отчеттордогу ката жана мүчүлүштүктөр аудит жүргүзүлүп жаткан тараптын жетекчисинин жоопкерчилигинде калат. Юридикалык дареги: Лондон шаары, W1U6BJ, Крауфорд стрит, Аскот хаус,119.

Аудит 2024-жылдын 11-мартында башталып 2024-жылдын 16-мартында аяктады.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жазма буйругунун аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинде 2018-жылдын 1-январынан 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлүп, жыйынтыгы боюнча 2022-жылдын 11-августундагы №01-23/176 сунуштама жөнөтүлгөн. Сунуштама 3 пункттан турган, анын ичинен №2 пункту аткарылган эмес.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1997-жылдын 30-июнундагы №199 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилиги уюштурулган (мындан ары-Элчилик). Элчилик, Англия жана Түндүк Ирландиянын аймагында Кыргыз Республикасынын тышкы байланыштарынын мамлекеттик органы болуп эсептелет, эки тараптуу эл аралык келишимдердин жана башка келишимдердин негизинде, Кыргыз Республикасынын тышкы карым-катнаш мамлекеттик органы болуп, жайгашкан өлкөдө өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

Элчилик, өз ишмердүүлүгүн 1961-жылдагы Дипломатиялык жана консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвенциясын, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн актыларын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Тышкы иштер министрлигинин нускамаларын жана көрсөтмөлөрүн, эл аралык каада-салттын принциптерин сактоо менен төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:

- эл аралык мамилелерде Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн, аймактык бүтүндүгүн жана башка кызыкчылыктарын коргоону дипломатиялык каражаттар аркылуу камсыз кылуу;
- Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык саясатын жүргүзүүгө көмөктөшүү;
- ал жактагы Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана юридикалык жактарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;
- ал жактагы эл аралык абалды, мамлекеттин тышкы жана ички саясатын, ал мамлекетте жайгашкан эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды чогултуу, иштетүү, талдоо жана системалаштыруу;
- Кыргызстан - Англия жана Түндүк Ирландия кызматташтыгынын бардык түрлөрү боюнча эки жактуу мамилелерди күчөтүү, акырындык менен кызматташтыктын жаңы сапаттуу этабына өтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык кадыр-баркын чыңдоо болуп саналат.

Экономикалык дипломатиянын негизги милдеттери болуп, өлкөгө инвестицияларды, экономикалык жана гуманитардык жардамдарды тартуу, ата-мекендик товар өндүрүүчүлөрдүн товарларын экспорттоо кыймылын

алдыга жылдыруу, Кыргыз Республикасынын туристтик мүмкүнчүлүктөрүн алдыга жылдыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жетекчилигинин жолугушуу жана иш сапарларынын чегинде жетишилген эки жактуу келишимдерди ишке ашыруу болуп эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык башка милдеттерди аткарат.

**Кыргыз – Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугу кызматташтыгы боюнча**

Кыргызстан менен Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугунун ортосундагы эки тараптуу мамилелер жалпы тарых, маданият, кошуналык алака, дин, өз ара урматтоо жана саясий, соода-экономикалык, маданий жана гуманитардык чөйрөлөрдө тыгыз кызматташтыкты кеңейтүү менен өнүгүп келе жатат. Эки өлкө ортосунда дипломатиялык мамилелерди түзүүдө үзгүлтүксүз түрдө саясий диалог жүргүзүлүп келе жатат, тараптар туруктуу негизде ар түрдүү деңгээлдеги делегациялар менен сүйлөшүүлөр жүргүзүп келүүдө.

Кыргыз Республикасынын жарандары Англия жана Түндүк Ирландияга жогорку окуу жайларына окууга, ар кандай курстарга, убактылуу жумуш иштөөгө Англия жана Түндүк Ирландия жарандары менен никеге тургандар келишет. Англия жана Түндүк Ирландиянын компетенттүү органдарынын маалыматына ылайык 57 Кыргыз жарандары жогорку окуу жайларда билим алууда жана ар кандай максат менен 150 кыргыз жараны жашайт.

Ошол эле убакта элчиликтин автоматташтырылган маалымат системасынын, жаңыртылган маалыматы боюнча 76 жаран жашайт. 2020-жылдан баштап Кыргызстандык студенттер жана жарандар Кыргызстанга кайтып келишкен.

2022-жылдын 1-январына карата, Англия жана Түндүк Ирландия жана Кыргыз Республикасынын ортосунда 10 эл аралык жана 9 ведомстволор аралык келишимдерге кол коюлган. Азыркы учурда эки тараптан, маданият, спорт, жогорку билим, саламаттык сактоо жаатында жана эки өлкөнүн дипломаттык кызматташтыгы долбоорлору иштелүүдө.

**Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Королдугу менен соода-экономикалык чөйрөдө кызматташууда**

Кыргыз Республикасынын Статистика комитетинин маалыматы боюнча, 2022-жылдын январь-декабрь айларына карата Кыргыз Республикасы менен Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугунун ортосундагы тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 32,694 млн АКШ долларын түзгөн. Кыргызстандан Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугуна экспорт 431,6 миң АКШ долларын, ал эми Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугунан Кыргыз Республикасына импорт 32,263 миң АКШ долларын түзгөн. Белгилей кетүү зарыл, расмий статистика иш жүзүндөгү реалдуулукту жана колдо болгон потенциалды чагылдырбайт.

Белгилей кетсек 2022-жылы белгилүү себептерден улам кыргыз алтынын Улуу Британияга экспорту токтогонуна байланыштуу соода жүгүртүмү 86,7 пайызга кыскарган.

Бирок, 2022-жылы Элчиликтин көмөк көрсөтүүсү менен Кыргыз Республикасынан чыгарылган алтындын Лондон баалуу металдар ассоциациясынын “Good Delivery” наамын кайтарып бергенинен улам, ошондой эле 2022-жылы Кыргызстан Улуу Британиянын өнүгүп келе жаткан өлкөлөрү үчүн атайын соода схемасын колдонууга укук алынгандан кийин 2023-жылы эки мамлекеттин ортосундагы тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн өсүшү байкалууда. Мындан тышкары, эки мамлекеттин ортосундагы соода жүгүртүүнүн көлөмү бир кыйла жогорулатуу максатында, 2022-жылдын аягында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж.Байсалов жетектеген делегациясы “J.P. Morgan”, “Citi Group”, “ICBC Standart Bank” дүйнөлүк банктарынын жетекчилиги менен жемиштүү талкулоолордун натыйжасында кыргыз алтынын эл аралык аянтчаларга чыгаруу жана эл аралык бааларда сатуу боюнча иштер иш жүзүнө ашырылууда.

2023-жылдын январь-декабрь айларына карата Кыргыз Республикасы менен Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугунун ортосундагы тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 92,03 млн. АКШ долларын түзгөн. Кыргыз Республикасынан Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугуна экспорт 776,50 миң АКШ долларын, ал эми Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугунан Кыргыз Республикасына импорт 91,253 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгилде Элчилик Лондонду дүйнөлүк каржы борбору, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандарына эмгек миграциясынын багыттарынын бири катары пайдаланууга басым жасоо менен, Кыргыз Республикасы менен Улуу Британиянын ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыктын потенциалын ишке ашыруу боюнча олуттуу иштерди жүргүздү.

Отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.У.Жапаровдун жумушчу сапарынын алкагында Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө жаңы багыттары пайда болду – Кыргызстандын алтынын Лондонго дүйнөлүк баада сатуу жана жеткирүү боюнча макулдашууга жетишүү, өлкөнүн кредиттик рейтингин жогорулатуу, еврооблигацияларды чыгаруу, атамекендик компанияларды Лондон биржасына чыгаруу, ошондой эле британиялык жаңы технологияларды тартуу.

Аталган иш сапардын жүрүшүндөгү “Franklin and Templton” инвестициялык фондунун, “Rotschild and Co” дүйнөлүк инвестициялык компаниясынын “Citi Group”, “ICBC Standart Bank” дүйнөлүк банктарынын, ошондой эле “United Concrete Canvas” инновациялык британиялык өндүрүш компаниясынын жетекчилери менен жолугушуулардын натыйжасында Кыргыз Республикасы менен Улуу Британия жана Түндүк Ирландия

Бириккен Королдугунун ортосундагы ар тараптуу экономикалык жана инвестициялык кызматташтыкты кеңейтүүгө, анын ичинде тышкы соода жүгүртүмүн бир кыйла жогорулатууга өбөлгө түзүп берет.

Ошону менен бирге 2023-жылдын ноябрында кыргыз жана британиялык компанияларынын катышуусу менен Кыргыз-Британия ишкердик кеңеш түзүлгөн. 2023-жылы экономикалык дипломатия маселелерин илгерилетүү боюнча иш-аракеттеринин алкагында төмөнкү эки тараптуу келишимдерге кол коюлду:

1) Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жана “Чараат Заав” ЖЧКсынын ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум (келечектеги инвестициялар үчүн 150дөн 200 млн. АКШ долларына чейин).

2) Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жана Advantix Ltd. компаниясынын ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум (Кыргыз Республикасында “Minex Eurasia 2024” аттуу эл аралык тоо кен конференциясын өткөрүү жөнүндө).

3) “Кыргызалтын” ААКсы жана ICBC Standart Bank ортосундагы кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум (Кыргызстандын алтынын Лондонго дүйнөлүк баада сатуу жана жеткирүү жөнүндө).

4) Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигине караштуу Кыргыз геологиялык кызматынын жана Британия геологиялык кызматынын ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.

5) Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жана Улуу Британиянын United Concrete Canvas компаниясынын ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндөгү меморандум (Кыргыз Республикасында завод ачуу жөнүндө).

## Консулдук чөйрөдө жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтар үчүн факты жүзүндөгү чыгымдарга алынган консулдук жыйымдар жана жыйымдар жол-жобосун талдоо

Консулдукка келген адамга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.12.2012-жылдагы №839 “Консулдук кызмат көрсөтүүлөр үчүн алынуучу каражаттар жөнүндө” токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилиги тарабынан алына турган консулдук жыйымдардын жана чыныгы чыгымдардын тарифине ылайык, “Lloyds Bank” банкындагы Элчиликтин эсебине консулдук кызмат үчүн төлөө сунушталат.

“Көрсөтүлгөн консулдук кызматтар үчүн иш жүзүндөгү чыгымдар жана келип түшкөн жыйымдар жөнүндө” берилген отчетко ылайык, Кыргызстан Республикасынын жарандары үчүн Элчилик тарабынан төмөнкү консулдук кызматтар АКШ долларында көрсөтүлгөн:

| Аталышы | 2022 ж. | 2023 ж. |
|---|---|---|
| Кыргызстанга кайтуу тууралуу күбөлүк | 140,0 | 228,79 |
| Нотариалдык иш-аракеттер | 1660,0 | 2076,62 |
| Паспорттариздөө | 3450,0 | 2615,05 |
| Туулгандыгы тууралуу күбөлүк берүү | | |
| Виза | | 50,01 |
| ЗАГС | 50,0 | |
| Консулдук эсеп | | |
| Башка | 10,00 | 10,0 |
| Курстук айырма (-;+) | | 302,63 |
| Финансылык жардам ТИМ КР | 12000,00 | 6354,16 |
| Финансылык жардам ГККР Алма Ата | 5870,00 | |
| **Баардыгы:** | **23170,00** | **11637,06** |

Консулдук жыйындардын келип түшүүлөрүнүн суммасы 2022-жылы 5300,00 АКШ доллары, 2023-жылы 4980,27 АКШ доллары, жалпы суммасы эки жылда 10280,27 АКШ долларын түзгөн.

**Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит**

2022-жыл үчүн түзүлгөн №2 форма «Мекеменин сметалык чыгымдарынын аткарылышы жөнүндө» отчеттун негизинде сметалык чыгымдардын баштапкы сметасы 511525,18 АКШ долларында бекитилген, такталган смета 465710,71 АКШ долларын түзүп, 442990,4 АКШ долларында насыя ачылып, кассалык чыгымдар 435879,51 АКШ долларын, ал эми чыныгы чыгымдар 436054,69 АКШ долларын түзгөн.

Сметалык чыгымдардын беренелер боюнча көрсөткүчтөрү төмөнкүчө жүргүзүлгөн:

-211 “Маяна” беренеси боюнча, сметалык чыгымдар 231644,47 АКШ долларында бекитилип, 197882,97 АКШ долларына такталган, насыя 172773,05 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 172022,36 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 171983,42 АКШ долларын түзгөн. Чыныгы чыгым менен кассалык чыгымдын айырмасы 38,94 АКШ долларын түзүп, жыл башындагы жана аягындагы карыздар.

-212 “Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр” беренеси боюнча, сметалык чыгымдар 2243,53 АКШ долларында бекитилип, 4194,12 АКШ долларына такталган, насыя 2346,19 АКШ долларында ачылып жана кассалык 2346,19 АКШ долларына чыгымдар жүргүзүлгөн, чыныгы чыгымдар 2339,0 АКШ долларын түзгөн.

-2211 “Кызматтык иш сапарларга чыгашалар” беренеси боюнча кассалык чыгымдар 23696,28 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 23696,28 АКШ долларын түзгөн.

-2212 “Байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси кассалык чыгымдар 2703,86 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 2703,86 АКШ долларын түзгөн.

-2213 “Ижара акысы” беренеси кассалык  чыгымдар 203943,12 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 202989,60 АКШ долларын түзгөн.

-2214 “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” беренеси боюнча кассалык чыгымдар 14431,16 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 14431,6 АКШ долларын түзгөн.

-2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренеси боюнча кассалык чыгымдар 2698,02 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 2698,02 АКШ долларын түзгөн.

-2222 “Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу” беренеси боюнча кассалык чыгымдар 1197,11 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 2371,94 АКШ долларын түзгөн. Чыныгы чыгым менен кассалык чыгымдын айырмасы 1174,83 АКШ долларын түзүп, беренеси боюнча жыл башындагы балуулуктардын калдыгы колдонулган.

-223 “Коммуналдык кызматтар” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 15000,00 АКШ долларында бекитилип, 15426,35 АКШ долларында такталган, насыя 16000,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар жана чыныгы чыгымдар 12841,41 АКШ долларын түзгөн.

2022-жылдагы олуттулуктун өлчөмү - бюджеттик эсеп боюнча чыгашалар 435,9 миң долларды түздү, олуттуулук деңгээли 2% тандалып алынды, бул 8,8 миң долларды түзүп, чыгашалардын төмөнкү беренелери тандалып алынды: 2111 “Эмгек акыга чыгашалар”, 2211 “Иш-сапар чыгымдары”, 2213 “Ижара чыгымдары”, 2214 “Транспорт чыгымдары”, 2231 “Коммуналдык кызматтар”.

2023-жыл үчүн түзүлгөн №2 форма “Мекеменин сметалык чыгымдарынын аткарылышы жөнүндө” отчеттун негизинде сметалык чыгымдардын баштапкы сметасы 500762,35 АКШ долларында бекитилген, такталган смета 167256,05 АКШ долларын түзүп, 428468,08 АКШ долларында насыя ачылып, кассалык чыгымдар 415687,83 АКШ долларын, ал эми чыныгы чыгымдар 416231,54 АКШ долларын түзгөн.

Сметалык чыгымдардын беренелер боюнча көрсөткүчтөрү төмөнкүчө жүргүзүлгөн*:*

-211 “Маяна” беренеси боюнча, сметалык чыгымдар 217647,06 АКШ долларында бекитилип, 70840,36 АКШ долларына такталган, насыя 177911,02 АКШ долларында ачылып, кассалык  чыгымдар 177309,22 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 177265,6 АКШ долларын түзгөн.

-212 “Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр” беренеси боюнча, сметалык чыгымдар 2243,53 АКШ долларында бекитилип, 3773,65 АКШ долларына такталган, насыя 3817,06 АКШ долларында ачылып жана кассалык чыгымдар 3817,06 АКШ долларына жүргүзүлгөн, чыныгы чыгымдар 3803,31 АКШ долларын түзгөн.

-2211 “Кызматтык иш сапарларга чыгашалар” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 8441,76 АКШ долларында бекитилип, 17922,25 АКШ долларында такталган, насыя 18140,0 АКШ долларында ачылып, кассалык

чыгымдар 17596,84 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 17596,84 АКШ долларын түзгөн.

-2212 “Байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 1764,71 АКШ долларында бекитилген, 2650,00 АКШ долларында такталган, насыя 2650,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 2562,75 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 2562,75 АКШ долларын түзгөн.

-2213 “Ижара акысы” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 200000,0 АКШ долларында бекитилип, 192000,00 АКШ долларында такталган, насыя 192000,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 185109,24 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 185780,67 АКШ долларын түзгөн.

-2214 “Транспорттук кызматын көрсөтүүлөр” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 6725,41 АКШ долларында бекитилип,11409,23 АКШ долларында такталган, насыя 11450,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 10493,25 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 10422,9 АКШ долларын түзгөн;

-2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 2840,59 АКШ долларында бекитилип, 2656,45 АКШ долларында такталган, насыя 2700,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 2665,99 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 2665,99 АКШ долларын түзгөн.

-2222 “Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 729,41 АКШ долларында бекитилип, кассалык жана чыныгы чыгымдар болгон эмес.

-223 “Коммуналдык кызматтар” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 15000,00 АКШ долларында бекитилип, 19535,85 АКШ долларында такталган, насыя 19800,0 АКШ долларында ачылып,кассалык чыгымдар жана чыныгы чыгымдар16133,48 АКШ долларын түзгөн.

2023-жылдагы олуттуулуктун өлчөмү - бюджеттик эсеп боюнча чыгашалар 415,7 миң долларды түздү, олуттуулук деңгээли 2% тандалып алынды, бул 8,3 миң долларды түзүп, чыгашалардын төмөнкү беренелери тандалып алынган: 2111 “Эмгек акыга чыгашалар”, 2211“Иш-сапар чыгымдары”, 2213 “Ижара чыгымдары”, 2214 “Транспорт чыгымдары”, 2231 “Коммуналдык кызматтар”.

**Атайын эсептин каражаттары боюнча кирешелер жана чыгашалар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит**

Элчиликтин аудит камтыган мезгил ичиндеги атайын эсептин каражаттарынын пайдаланылышы жана кирешелердин түзүлүшү Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10-августундагы №90 “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жыдын 29-сентябрдагы №626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомунун негизинде

жүргүзүлгөн.

Атайын эсептин каражаттары Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга консулдук кызмат көрсөтүүдөн түзүлөт, алар: жалпы жарандык паспортторду, туулгандыгы жөнүндө күбөлүктөрдү, мекенге кайтып келүү жөнүндө күбөлүктөрдү, ар кандай түрдөгү визаларды берүү, нотариалдык жана башка иш-аракеттер болуп саналат.

**2022-жыл үчүн “Атайын эсептин каражаттарынын сметасынын аткарылышы боюнча”** форма №4 отчеттук маалыматтын негизинде жылдын башында атайын эсептин каражаттар эсебинин калдыгы 3143,01 АКШ долларын түзгөн. Киреше бөлүгү смета боюнча 7800,00 АКШ долларында бекитилип, 58000,00 АКШ долларында такталган, чыныгы 23170,00 АКШ долларындагы киреше түшкөн, мунун ичинде:

-консулдук кызмат көрсөтүүдөн 5300,00 АКШ доллары;

-финансылык жардам көрсөтүүдөн 17870,00 АКШ доллары.

Ал эми, атайын эсептин каражаттарынын такталган чыгымдар смета боюнча 7211,76 АКШ доллары каралса, 65941,18 АКШ долларына такталган, кассалык чыгымдар 22562,74 АКШ долларын, чыныгы чыгымдар 8503,84 АКШ долларын түзгөн, анын ичинде беренелер боюнча:

-211 «Маяна» беренеси боюнча, сметалык чыгымдар 2500,00 АКШ долларында бекитилип, 1764,71 АКШ долларында такталган, кассалык чыгым 1173,06 АКШ долларын түзгөн жана чыныгы чыгымдар 1400,00 АКШ долларын түзгөн.

-212 “Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр” беренеси боюнча, сметалык чыгымдар 288,00 АКШ долларында каралган, 176,47 АКШ долларына такталган жана кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн эмес, чыныгы чыгымдар 132,59 АКШ долларын түзүп жыл башындагы жана аягындагы карыз.

-2212 “Байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча кассалык жана чыныгы чыгымдар 93,07 АКШ долларын түзгөн.

-2213 “Ижара акысы” беренеси боюнча кассалык жана чыныгы чыгымдар 1066,15 АКШ долларын түзгөн.

-2214 “Транспорт чыгымдары” беренеси боюнча кассалык жана чыныгы чыгымдар 1791,65 АКШ долларын түзгөн.

-2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренеси боюнча кассалык чыгымдар 2317,54 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 2317,54 АКШ долларын түзгөн.

-222 “Товарларды жана кызматтарды сатып алуу” беренеси боюнча сметалык чыгымдар 1000,00 АКШ долларында каралып 11764,70 АКШ долларында такталып, кассалык чыгымдар 303,48 АКШ долларына жүргүзүлгөн, чыныгы чыгымдар 1702,84 АКШ долларын түзгөн. Чыныгы чыгым менен кассалык чыгымдын айырмасы 1399,36 АКШ долларын түзүп, беренеси боюнча жылдын аягына баалуулуктардын калдыгы пайдаланылган.

2022-жылдагы олуттулуктун өлчөмү атайын эсеп боюнча чыгашалар 22,6 миң долларды түздү, олуттуулук деңгээли 2% тандалып алынды, бул 0,5

миң долларды түзүп, чыгашалардын төмөнкү беренелери тандалып алынды: 2111 “Эмгек акыга чыгашалар”, 2213 “Ижара акысы”, 2214 “Транспорт чыгымдары”, 2215 “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу”, 2235 “Ар кандай коммуналдык кызматтар”, 3112 “Негизги фонд”.

**2023-жыл үчүн “Атайын эсептин каражаттарынын сметасынын аткарылышы боюнча”** форма №4 отчеттук маалыматтын негизинде жылдын башында атайын эсептин каражаттар эсебинин калдыгы 3750,27 АКШ долларын түзгөн.

-консулдук кызмат көрсөтүүдөн 4980,27 АКШ доллары;

-финансылык жардам көрсөтүүдөн 6354,16 АКШ доллары;

-валюта курсунун айырмасынан 302,63 АКШ доллары, баардыгы жалпы суммасы 11637,06 АКШ доллары түшкөн жана баардык кассалык чыгымдар 14513,33 АКШ долларын жана чыныгы чыгымдар 12340,54 АКШ долларын түзгөн, анын ичинде беренелер боюнча:

-211 «Маяна» беренеси боюнча, кассалык чыгымдар 1826,94 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 1600,00 АКШ долларын түзгөн.

-212 “Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр” беренеси боюнча, 255,62 АКШ долларында кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, чыныгы чыгымдар 123,03 АКШ долларын түзгөн.

-2214 «Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» беренеси боюнча кассалык чыгымдар 7417,04 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 7417,04 АКШ долларын түзгөн;

-2215 «Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу» беренеси боюнча кассалык чыгымдар 2486,70 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 2486,70 АКШ долларын түзгөн.

-2222 «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу» беренеси боюнча кассалык чыгымдар 846,68 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 713,77АКШ долларын түзгөн.Чыныгы чыгым менен кассалык чыгымдын айырмасы 132,91 АКШ долларын түзүп, беренеси боюнча жылдын аягына балуулуктардын калдыгы калган.

-311 «Негизги фонд» беренеси боюнча кассалык чыгымдар 1680,35 АКШ долларын түзгөн.

***2023-жылдагы олуттулуктун өлчөмү*** - атайын эсеп боюнча чыгашалар 14,5 миң долларды түздү, олуттуулук деңгээли 2% тандалып алынды, бул 0,3 миң долларды түзүп, төмөнкү беренелери тандалып алынды: 2111 "Эмгек акыга чыгашалар", 2214 "Транспорт чыгымдары", 2215 "Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу", 2222 "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу", 3112 "Негизги фонд".

## Бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча кассалык жана банктык операцияларга жүргүзүлгөн аудит

Элчиликтин кассасындагы акча каражаттарынын нак калдыгы болгон эмес. Кассалык операциялар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-

жылдын 12-июнундагы №281 "Кыргыз Республикасында чарбакер субъектердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү" токтомунун негизинде жүргүзүлөт.

Эсеп-кысап банктык операцияларды жүргүзүү үчүн Лондон шаарында төмөнкү банктарда эсептик счетторун ачкан, алар:

-"Lloyds Bank" мекемесинде элчиликтин, АКШ доллары үчүн жалпы бир эсеби -11459201,

-"Lloyds Bank"Англиянын фунт стерлинг үчүн эки эсеп, бирөө бюджеттик эсеп үчүн 01974361 жана экинчиси атайын эсептин каражаттары үчүн 01974582.

Элчиликтин бардык эсептешүүлөрү накталай эмес формада жүргүзүлөт.

## Маяналарына жана башка төлөмдөргө аудит

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №113 "Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жөнүндө" токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын максималдуу ченемдери жөнүндө" токтомунун негиздеринде, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министри тарабынан Элчиликтин кызматкерлеринин штаттык жүгүртмөсү 2022-2023-жылдарына кызматкерлер – 5 бирдик, анын ичинде 3 бирдик дипломаттык кызматкерлер жана 2 бирдик административдик техникалык-тейлөө кызматчылары. Атайын эсептин каражаттарынын кирешелер жана чыгымдар сметаларына ылайык, «Маяна» беренеси боюнча 200,00 АКШ доллар суммасында чек коюлуп, келишимдин негизде жалданган жумушчуларды күтүүгө атайын эсептин каражатынан Борбор менен макулдашылып аудит камтыган мезгил аралыгында келишимдин негизинде 1 жумушчу (имаратты тазалоочу) ишке тартылып ай сайын 200,00 АКШ доллар сарпталган.

Кырыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2015-жылдын 10-мартындагы №36-п буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мекемелеринин кызматкерлеринин күйөөсүнө/аялына акча каражатын берүү боюнча» Тартипке ылайык, Элчиликте ай сайын жубайы тарабынан алынган 30% өлчөмдөгү акча каражатын төлөө жүргүзүлөт.

Аудит камтыган мезгил аралыгында Элчиликтин кызматкерлеринин Маянасына акчалай каржылоо жүргүзүлгөн, алар:

-2022-жылы бардыгы болуп171983,42АКШ доллар Маяна эсептелинип анын ичинен: Маянага 135578,01 АКШ доллар, кошумча төлөмдөр жана компенсация 36405,41 АКШ доллар.

-2023-жылы бардыгы болуп 177265,60АКШ доллар Маяна эсептелинип анын ичинен: Маянага 126291,16 АКШ доллар, кошумча төлөмдөр жана компенсация 50974,44 АКШ доллар чегерилген.

Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча чегерүүлөр Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин борбордук аппаратынын кызматкерлеринин кызматтык акыларын теңөө схемасынын негизинде жүргүзүлөт.

**Эсепке берүү жактары менен жүргүзүлгөн эсептер, иш сапар чыгымдарынын аудити**

Аудит камтыган мезгил аралыгында баланс боюнча аудит камтыган мезгил аралыгында эсеп берме сумманын дебитордук карызы жок, Элчиликте негизинен эсеп берме суммалар иш сапарына жана ишмердүүлүк жүргүзүнүн муктаждыгына байланыштуу ар кандай иш-чарларга жана чарба иштерине берилген.

Аудит камтыган мезгилде Элчилик тарабынан эсеп берме жактарга жалпы суммасы 41293,12 АКШ доллары берилген анын ичинен, 2022-жылы бюджеттен 23696,28 АКШ доллар жана 2023-жылы 17596,84 АКШ доллары берилген. Атайын каражаттардын эсебинен эсеп берме жактарга каржылоо жүргүзүлгөн эмес.

Иш сапарларга байланышкан чыгымдарды калыбына келтирүүнүн тартиби жана өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын ченемдерин аныктоо жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтомунун негизинде жүргүзүлөт, эсеп берме авансалык отчеттору өз убагында тапшырылган. Иш сапарлар Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин макулдугу менен жүргүзүлөт.

**Негизги каражаттардын, материалдык баалуулуктардын жана өтө жооптуу отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына жүргузулгөн аудит**

Элчиликтин 2022-жылдын 10-июнундагы №8 буйругунун негизинде атайын комиссия түзүлүп, Элчиликтин балансындагы негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга инветаризация жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча Элчиликтин балансындагы 1997-жылкы баланстык баасы 25,6 миң АКШ доллар болгон “Тойота Превия” кызматтык автоунаасынын жетишпестиги аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Улуу британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилигинин кызматкерлеринин билдирүүсү боюнча Элчиликтин балансында турган “Тойота Превия” маркасындагы кызматтык автоунаасы 2014-жылы уурдалып кеткен. Элчиликтин 28.11.2014-жылдагы №020/286 каты менен КРнын Тышкы иштер министрлигине билдирүү берилген. Ошондой эле, Улуу Британия Ички иштер министрлигине кызматтык автоунаанын уурдалгандыгы боюнча билдирүү

берилип, бирок табылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Президентинин иш Башкармасына караштуу Кыргыздипсервис мамлекеттик дипломатиялык сервис ишканасынын 2022—жылдын 30-ноябрындагы №67-930/89-8 катына ылайык, ошондой эле Элчиликтин автотранспортун эсептен чыгаруу боюнча бекитилген актынын негизинде, уурдалган автоунаа “Тойота Превия” 30.11.2022-жылы Элчиликтин балансынан чыгарылган.

Элчиликтин балансынын маалыматтары боюнча негизги каражаттардын 2022-жылдын 1-январына калдыгы баштапкы баасы менен 87004,77 АКШ долларын түзгөн (топтолгон амортизациясы 42260,53 АКШ доллар), жылдын аягында балантстык баасы менен 44744,24 АКШдолларына калдык калган, баардык калдык атайын каражаттар боюнча.

Ал эми 2023-жылдын 1-январына калдыгы баштапкы баасы менен 88685,12 АКШ долларын түзгөн (топтолгон амортизациясы 51161,77 АКШ доллар) жана 2023-жылы 1680,35 АКШ долларына кириштөө болгон, жылдын аягында балантстык баасы менен 37523,35 АКШ долларына калдык калган, баардык калдык атайын каражаттар боюнча.

2022 жана 2023-жылдары элчиликтин буйругунун негизинде инвентаризация жүргүзүлгөн. Элчиликтин 2022-жылдын 25-декабрындагы №054-22 буйругунун жана 2023-жылдын 18-декабрындагы №054-15 негизинде Элчиликтин Комиссиясы тарабынан негизги каражаттарга жана ТМБ инвентаризациялоо жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы боюнча жетишсиздиктер жана ашыкча каражаттар аныкталган эмес.

## Кызматтык автотранспортту күтүүгө бөлүнгөн каражаттын пайдаланышына аудит

Элчиликтин, 2021-жылдын 1-январына катталган автоунаалардын жүрүүсүнүн ченеми, күйүүчү-майлоочу материалдарды, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруу, пайдалануу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-декабрындагы №750 (КПҮ) токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын өкүлчүлүктөрүнө ишке жөнөтүлгөн дипломаттык кызматкерлерге кызматтык автомобилдерди берүү тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык жүргүзүлөт, бир кызматтык автомобилге орточо 2000 км ден ашпаган жүрүү ченеми белгиленген. Ал эми эки же андан көп кызматкер пайдаланган учурда жүрүү лимити бир айга 3000 км.ге чейин көбөйүшү мүмкүн. Элчилик үчүн 2 даана автотранспорттук унаа кармоого уруксат берилген, алар:

-“Мерседес-Бенц” 2021-жылы чыгарылган кызматтык автоунаа, дипломаттык номери - 1KYR.

-“Фольксваген Шаран” 2016-жылы чыгарылган кызматтык автоунаа, дипломаттык номери - 319D109

Элчиликтин Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр беренеси боюнча 2022-жылы жалпы суммасы 16222,81 АКШ доллар каражаты сарпталган, анын ичинде бюджеттик эсептен 14431,16 АКШ доллары жана атайын каражаттын

эсебинен 1791,65 АКШ доллары.

2023-жылы жалпы суммасы 17910,29 АКШ доллар каражаты сарпталган, анын ичинде бюджеттик эсептен 10493,25 АКШ доллар жана атайын каражаттын эсебинен 7417,04 АКШ доллар.

Элчилик боюнча транспорттук кызмат акылар негизинен транспортту токтотуучу жай акыларына жана коопсуздандыруу (страхование) үчүн чыгымдалган акча каражаттары үчүн квитанциялар бухгалтерияга тапшырылган. Ал эми күйүүчү май чыгымдары анык жүргөн аралыгы кызматтык автоунаанын көрсөткүчү менен жол баракчалары боюнча эсептелип чыгымдалган. Күйүүчү майлар май куйуучу жайлардан куюлуп карточка аркылуу төлөнүп берилген.

**Турак жай үчүн ижара акысы жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн, лимиттердин сакталышына аудит.**

Элчиликтин коммуналдык чыгымдарды төлөөдө жана кызматкерлерди турак жай менен камсыздоодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-декабрындагы №750 (КПҮ) токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдардагы өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлеринин жана администрациялык-техникалык кызматтын кызматкерлеринин ишинин тартиби жана шарттары жөнүндө" Нускамасында каралган ченемдердин негизинде иш алып барган. Чет өлкөдөгү мекеме Элчиликтин кеңсесин жайгаштыруу үчүн кызматтык батирлерди ижарага алат. Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилиги тарабынан, 1997-жылдан бери бүгүнкү күнгө чейин 112,0 чарчы метр ижарага алынган.

2022-жылдын 31-декабрына карата Элчиликтин балансында ижара келишимине ылайык салынган 14125,81 АКШ долл. өлчөмүндөгү депозиттик сумма чагылдырылган. Себеби келишимдерге ылайык депозитке 2,5 эсе өлчөмүндө төгүлгөн. Ошондой эле 2023-жылдын 31-декабрына карата 13454,38 АКШ доллары өлчөмүндөгү депозиттик сумма чагылдырылган.

Аудит камтыган мезгил аралыгында коммуналдык кызматтарга кеткен чыгымдар:

2022-жылы коммуналдык кызматтарга жалпы суммасы 12841,41 АКШ доллар бюджеттин эсебинен (сууга 1095,03 АКШ доллары, электр энергиясына 5631,44 АКШ доллары, жылуулук энергиясына 3074,68 АКШ доллары жана газга 3040,26 АКШ доллары) төлөнүп берилген, ал эми атайын каражаттын эсебинен төлөм жүргүзүлгөн эмес.

2023-жылы коммуналдык кызматтарга жалпы суммасы 16133,48 АКШ доллар бюджеттин эсебинен (сууга 1696,35 АКШ доллары, электр энергиясына 7047,37 АКШ доллары, жылуулук энергиясына 3195,00 АКШ доллары жана газга 4194,76 АКШ доллары) төлөнүп берилген, ал эми атайын каражаттын эсебинен төлөм жүргүзүлгөн эмес.

**Дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит**

Аудитке берилген маалымат боюнча Элчиликтин бухгалтердик эсебинде жана балансасында жалпы дебитордук карызы жана кредитордук карыздары төмөнкүчө болгон. Анын ичинен бухгалтердик эсеп счеттору боюнча:

-«Маяна» боюнча 01.01.2022 жылга кредитордук карыз 46,13 АКШ доллары өлчөмүндө болгон. (баардыгы атайын каражаттын эсебинен);

-«Ижара акысы» боюнча 01.01.2022 жылга дебиторлук карызы 13172,29 АКШ доллар өлчөмүндө (баардыгы бюджеттин эсебинен).

-«Маяна» боюнча 01.01.2023 жылга кредитордуклук карызы 359,53 АКШ доллар өлчөмүндө (баардыгы бюджеттик каражаттын эсебинен). (маалымат тиркелет).

-«Ижара акысы» боюнча 01.01.2023 жылга дебиторлук карызы 14125,81 АКШ доллар өлчөмүндө (баардыгы бюджеттин эсебинен). (маалымат тиркелет).

-«Маяна» боюнча 01.01.2024 жылга кредитордук карыздар 57,37 АКШ долларын түзөт.

-«Ижара акысы» боюнча 01.01.2024 жылга дебиторлук карызы 13454,38 АКШ доллар өлчөмүндө (баардыгы бюджеттин эсебинен). (маалымат тиркелет).

**Отчеттуулук жана бухгалтердик эсептин абалы**

Элчиликте, бухгалтердик эсеп Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги «Бухгалтердик эсепке алуу жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” (2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б Финансы министрлигинин буйругу менен күчүн жоготкон) Жобого ылайык жүргүзүлөт. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө, материалдык баалуулуктардын жана акча каражаттарын эсептөөлөрүн бухгалтердик 1С-компьютердик программасына камсыздайт. Жылдык, кварталдык, айлык отчеттор өз убагында тапшырылган.

Элчиликте бюджеттик жана атайын каражаттардын эсеби АКШ долларында эсептелинет. Бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн абалы канааттандырарлык.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө**
**палатасынын аудитору** **Б. Рыскулиев**